**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**
**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**

**БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН**

**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин XXVIII-чакырылышынын III-кезектеги сессиясынан**

# ТОКТОМ

**2024-жылдын 26-июну № 30** **Барскоон айылы**

**Кызыл-Суу айылындагы "Иштерман" муниципалдык ишканасына транспорт кызматына акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексине ылайык. Кызыл-Суу айылындагы "Иштерман" муниципалдык ишканасы аркылуу жасалган кызмат акысына акча каражаты бөлүп берүү боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы А.Асанбаевдин берген сунушун ар тараптан карап чыгып, Барскоон жергиликтүү кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Суу айылындагы "Иштерман" муниципалдык ишканасы аркылуу жасалган кызмат акысына 200 000 (эки жүз миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
2. Барскоон айыл өкмөтүнүн финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы М.Байтерековго акча каражатын максаттуу чыгымдоо милдеттендирилсин.
3. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб-сайтына жарыялоого тиешелүү электрондук иш кагаздарын жиберүүгө жана юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн иш кагаздарын алып баруу жагы жергиликтүү кеңешинин жооптуу катчысы Н.Шабданбаевга тапшырылсын.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңешинин финансы-экономикалык туруктуу комиссиясына жана айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Т.Асанбаевге тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ибаков**

---

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, төрага – 1 нуска, баардыгы – 5 нуска